| Кыргыз Республикасы | | Кыргызская Республика |
|---|---|---|
| Баткен областы | | Баткенская область |
| Кадамжай району | | Кадамжайский район |
| Совет айыл аймагынын айылдык кенеши | | Айыльный Кенеш Советского айыльного аймака |

---

Совет айылдык кенешинин алтынчы чакырылышынын кезектуу жыйырма алтынчы

сессиясы

**Токтом №29**

**Совет айылы** **28.12.2020-жыл**

**Совет айыл аймагынын айыл окмотунун бюжетинин**

**2021-2022-2023-жылдар учун бюджеттин божомолун**

**бекитуу жонундо»**

Совет айыл аймагынын айыл окмотунун 2021-2022-2023-жылдарга бюджеттин божомолдоонун бекитуу боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин 2016-жылдын 16-майындагы №59 Жарлыгы менен бекитилген «Бюджеттик Кодексинин» негизинде Совет айыл аймагынын айыл окмотунун каржы болумунун башчысынын билдируусун угуп жана талкуулап айылдык кенештин бюджет жана экономика боюнча туруктуу комиссиясынын каралгандыгын эске алуу менен Совет айылдык Кенеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. 2021-жыл учун параметрлеринин божомолунун киреше болугу 6327,9 мин сом олчомундо 2022-жыл учун киреше болугу 6203,5 жана 2023-жыл учун киреше болугу 6266,0 мин сом олчомундо №1 тиркемеге ылайык жактырылсын.

2. Совет айыл аймагынын 2021-жылга 6327,9,6мин сом олчомундо,2022-жылга 6203,5мин сом олчомундо,2023-жылга 6266,0 мин олчомундо чыгашалардын долбоору жактырылсын.

3. Чыгымдарды каржылоо биринчи кезекте коргоого алынган беренелер боюнча (эмгек акы,социалдык фонддун чегеруулор,транспорт ,коммуналдык кызмат беренелери)жургузуулор белгиленсин.

4. Чыгашалардын коргоолгон беренелерине каралган каражаттар ,штаттык бирдиктер нормативдик актылар озгоргондо азайтылышы же кобоюшу мумкун.